**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

«БЕКИТЕМИН»
ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору
_________ т.и.к., доц. Мамытов У.Ж.
«___»__________ 2023 -ж.
Каттоо №________

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

## 710300-«КОЛДОНМО ИНФОРМАТИКА» БАГЫТЫ

**Академиялык квалификациясы: бакалавр**

**Окутуунун формасы: күндүзгү, сырткы**

**Окутуу мөөнөтү: күндүзгү 4 жыл, сырткы 5 жыл**

«ЖАКТЫРЫЛДЫ»
ТТФнын УКнин төрайымы
____________________ т.и.к., доц. Абдыразакова З.М.
(кол тамгасы, Ф.А.А.)

№ 7 прот.« 19 » 04 2023 -ж.

**Ош-2023**

710300. Колдонмо информатика багытынын жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы (ЖКББнын НББПсы) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарын бекитүү жөнүндөгү 21.09.2021-ж. №1578/1 буйругунун менен«710300 Колдонмо информатика» багытынын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын негизинде түзүлдү.

**710300. Колдонмо информатика багытынын ЖКББнын НББПсын иштеп чыккандар жана эксперттер**

| *Ф.А.А.* | Илимий даражасы, кызматы, иштеген жери |
|---|---|
| ***Иштеп чыккандар*** | |
| Мамбетов Жоомарт Иманалиевич | ф.-м.и.к., доцент, информатика каф. |
| Матисаков Жумакадыр Кубатбаевич | Т.и.к., доцент, информатика каф. |
| Бекташова Роза Абдакимовна | Ага окут. информатика каф. |
| Жалжаева Кундуз Макамбаевна | Окутуучу, информатика каф. |
| | |
| ***Эксперттер-рецензенттер*** | |
| Өмүрбекова Гүлзат Кочкорбаевна | Т.и.к., доцент ОшКӨУ |
| Мамазиаева Элмира Амановна | ф.-м.и.к., доцент, ОшГУ |
| Суйунбай у Ибрагим | “КанцМир” ЖЧКнын директору |

ЖКББнын НББП Информатика кафедрасынын отурумунда «15» май 2023-жылы каралып жана бекитилген.

**Информатика каф. башчысы, ф.-м.и.к., доц. ______ Мамбетов Ж.И.**

# Мазмуну


Мазмуну .......................................................... 2

I. ЖАЛПЫЖОБОЛОР .......................................................... 6

1.2. 710300. "Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)" багытынын бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун НББП иштепчыгуудагы 7

1.3. 710300. "Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)" багыты боюнча адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүдөгүНББПнын 7

1.3.1. ЖКББ НББПнынмаксаты .......................................................... 8

Программанын максаттары .......................................................... 8

1.3.2. ЖКББ НББПнын кесиптикмилдеттери .......................................................... 9

1.3.3. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдикмөөнөтү .......................................................... 10

1.3.4. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгексыйымдуулугу .......................................................... 10

1.3.5. ЖКББ НББП жана анын пайдалануучулар .......................................................... 10

1.3.6. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынынбилими .......................................................... 11

II. 710300. КОЛДОНМО ИНФОРМАТИКА (ЧОҢ КӨЛӨМДӨГҮ МААЛЫМАТТАРДЫН АНАЛИТИКАСЫ) БАГЫТЫ БОЮНЧАБАКАЛАВРИАТ БАСКЫЧЫНДАГЫ БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КЕСИПТИК МҮНӨЗДӨМӨСҮ .......................................................... 12

2.2. Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпыталаптар .......................................................... 13

2.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуукөлөмү .......................................................... 13

2.4. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишчөйрөсү .......................................................... 14

2.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигининобъектилери .......................................................... 14

2.6. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүнтүрлөрү: .......................................................... 14

2.7. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттынбаалоо .......................................................... 15

Билүүсү зарыл: .......................................................... 16

Жасай билиши керек: .......................................................... 17

Аткара билүүсү керек: .......................................................... 18

710300. КОЛДОНМО ИНФОРМАТИКА (ЧОҢ КӨЛӨМДӨГҮ МААЛЫМАТТАРДЫН АНАЛИТИКАСЫ) БАГЫТЫ БОЮНЧА НББП АЯКТАГАНДА КҮТҮЛҮҮЧҮ .......................................................... 19

3.3. Күтүлүүчү натыйжалардын максаттарга дал келүүчүлүк .......................................................... 25

IV. 710300. КОЛДОНМО ИНФОРМАТИКА (ЧОҢ КӨЛӨМДӨГҮ МААЛЫМАТТАРДЫН АНАЛИТИКАСЫ) БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПын ИШКЕ АШЫРУУНУН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИНУЮШТУРУУНУН РЕГЛАМЕНТТӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕРИ .......................................................... 25

4.1. Мамлекеттик стандарт (тиркелет) .......................................................... 25

4.2.Окуу планы (тиркелет) .......................................................... 25

4.3.НББПнын компетенцияларкартасынынплаты (тиркелет) .......................................................... 25

4.1. Окутулуучу дисциплиналардынаннотациялары .......................................................... 25

Практикалардын программасынааннотация .......................................................... 32

5.2.ЖКББ НББП ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы .......................................................... 35

5.3.Окутуу жараянын укуктук-усулдук жана маалыматтык камсыздоо .......................................................... 35

5.4. Окутуу жараянын материалдык техникалык камсыздоо .......................................................... 36

6. ЖКББ НББПсын ӨЗДӨШТҮРҮҮ САПАТЫН БААЛОО СИСТЕМАСЫНЫННОРМАТИВДИК-МЕТОДИКАЛЫК .......................................................... 38

6.1. Жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралыкаттестация .......................................................... 38

6.2. НББПын бакалавр баскычында бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик аттестациялоо .......................................................... 38

ЖКББнын НББПнын мамлекеттик аттестациялык сыноолоруна төмөнкүлөр кирет: .......................................................... 40

Жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамен боюнча НББПдагы жоболор .......................................................... 40

## Каралып жаткан негизги билим берүү программасындагы атоолор (терминдер), аныктамалар, белгилөөлөр жана кыскартуулар

Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү жаатында белгиленген тартипте кабыл алынган эл аралык документтерге жана НКББПга ылайык төмөнкү атоолор жана аныктамалар пайдаланылат.

- **негизги билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү жараянын ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун чектөөчү (регламенттөөчү) окуу, усулдук (методикалык) иш кагаздардын топтому (документтердинжыйындысы);
- **даярдоо багыты** – жогорку кесиптик билимдүү адистерди даярдоо үчүн (адис, бакалавр жана магистр) ар түрдүү профилдеги билим берүү программаларынын топтому(жыйындысы);
- **профиль** – негизги билим берүү программасынын конкреттүү адистикке же кесиптик ишмердүүлүк объектинебагытталышы;
- **сабактар цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окула турган сабактардын топтому;
- **модуль** – окула турган сабактардынбөлүгү;
- **компетенттүүлүк (зиректүүлүк)** - тийиштүү тармакта кесиптик ишмердүүлүк менен аткаруудагы зарыл болгон инсандын динамикалык сапаттарынын топтому, билими, шыгы,көндүмү;
- **бакалавр** - академиялык даража, ал 4 жылдан кем эмес окуу мөөнөтү менен билим берүүнүн тийиштүү негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик аттестациялоонун натыйжалары боюнча ыйгарылат жана ага ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча "магистр" академиялык даражасын алуу үчүн окуусун улантууга укукберет;
- **кредит** (чегерим бирдик) - негизги билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттууөлчөмү;
- **күтүлүүчү натыйжалар** (окутуунун натыйжалары) - негизги билим берүү программасын окуп өздөштүргөндүгүнүн жыйынтыкзиректиктери.

### Кыскартуулар жана белгилөөлөр.

Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар жана белгилөөлөрколдонулат:

**МББС** – мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** – негизги билим берүү программасы;
**ОУК** – окуу-усулдук кеңеш;
**НББП ДЦ** – негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;
**ЖИК** – жалпы илимий компетенциялар;
**АК** – аспаптыккомпетенциялар;
**КК** – кесиптиккомпетенциялар;
**СИЖМК** – социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар
**КК** – күтүлүүчү натыйжалар.

# I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. 710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)» багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билимберүү программасы

Ош технологиялык университетинин Табигый-техникалык факультетинин информатика кафедрасынын **710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн (ЖКББ) негизги билим берүү программасы (НББП) Мамлекеттик билим берүү стандартынын Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башкы ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аныктаган тартипте, бекитилген. (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (30-апрель 2003-жыл № 92), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакцияларында 28-декабрь 2006-жыл № 225, 31-июль 2007-жыл№111,31-июль2007-жыл№115,20-январь2009-жыл№10,17-июнь 2009-жыл № 185, 15-январь 2010-жыл № 2, 13-июнь 2011-жыл № 42, 8- август 2011-жыл № 150, 29-декабрь 2011-жыл № 255, 23-август 2011-жыл № 496, 29-май 2012-жыл № 347, 30-июль 2013-жыл №176, 15-сентябрь 2015- жыл №779/1, 21-сентябрь 2021- жыл №1578/1).

НББП максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунду,билимберүү процессининреализациялоотехнологияларынжанашарттарын,ушулбагыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун баалоо сапатынжана төмөнкүлөрдүөз ичине камтуу менен: окуу план, окуу курстарынын жумушчу программалары, предметтери, дисциплиналар (модулдар), студенттерди даярдоосапатынкамсыздаган жана башка материалдар,андан сырткары окуу календардык график жана тиешелеш билимберүүтехнологиясын реализациялоону камтыган методикалык материалдардырегламенттештирет.

НББПын усулдук камсыздоо үчүн окуу-методикалык комплексине ылайык төмөнкү документтер иштелип чыккан:

- Окууп ланы;
- Окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын), практикалардын, илимий-изилдөө иштеринин, жыйынтык аттестациялоонунпрограммалары;
- Календардык окууграфиктери;
- Компетенцияларды калыптандыруучу окуу-тарбиялык иштердин планы;
- НББП өздөштүрүүнүн ар бир этабында (учурдагы, аралык жана жыйынтык аттестациялоодо) жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруучу инновациялык баалоо каражаттары:

- ✓ Компетенттүү-багытталгантесттер;
- ✓ Практикалык көндүмдү аныктоочутапшырмалар;
- ✓ Портфолио;
- ✓ Кесиптик-аналитикалык баалоо каражаттары.

**710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** багытынын НББПнын бакалавр баскычында адистерди даярдоо ОшТУнун башкы мекемесинин Табигый-техникалык факультетинин информатика кафедрасы тарабынан ишке ашырылат.

## 1.2.710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)» багытынын бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун НББП иштепчыгуудагы нормативдик документтер

НББПнын нормативдик укуктук базасын төмөнкүлөр түзүп турат:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы (№92 30-апрель2003-жыл);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2004-жылы 3-февралда бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү № 53жобосу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2011-жылдын 23-августундагы Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндөгү № 496токтому;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылы 21-сентябрдагы №1578/1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандарты(ГОС);
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин нормативдик-методикалык документтери;
- ОшТУнун Уставы.

## 1.3. 710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)» багыты боюнча адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүдөгү НББПнын жалпы мүнөздөмөсү

ОшТУнун Табигый-техникалык факультетинин информатика кафедрасы, **710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** багыты боюнча жогорку билимдүү бакалаврларды даярдоо ушул ЖКББ НББП аркылуу ишке ашырылат.

**710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** багытындагы жогорку билимдүү бакалаврларды даярдоодо, түзүлгөн НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнө «бакалавр» академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку кесиптик билими тууралуу диплом берилет.

### 1.3.1. ЖКББ НББПнын максаты

ЖКББ НББПнын максаты ОшТУнун миссиясынын негизинде аныкталган. ОшТУнун миссиясы: «Мезгил талабына ылайык, заманбап, өз тармагында мыкты, өзүнө болгон ишеними жогору, коомдун алдында жоопту, эл аралык деңгээлде иштей алчу адистерди даярдоодо окутуунун алдыңкы инновациялык технологияларын колдонуу менен сапаттуу билим берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо. Алган билим-тажрыйбаларын илимде, өндүрүштө, жана ишмердүүлүктө компетенттүү мамиле аркылуу практика жүзүндө ишке ашырууда жаңы формациядагы жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо жолу менен республиканын экономикасын, өндүрүшүн көтөрүү жана өнүктүрүү.Эл аралык таанылууга жетишүү».

Бул миссияга ылайык Колдонмо информатика багытында «бакалавр» академиялык баскычындагы адистерди даярдоодо төмөнкү **максаттар** аныкталган:

#### Программанын максаттары

**710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** багыты боюнча бакалаврларды даярдоодогу негизги билим берүү программасынын максаттары **(М).**

ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында даярдоонун **710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** багыты боюнча төмөнкүдөй максаттарды коет:

**М-1.** Жогорку кесиптик билим берүүдө компетенттүүлүк мамиле менен студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын, адептик жана маданий баалуулуктарын калыптандыруу; бүтүрүүчүлөрдө жалпы билим берүү дисциплиналарын, экологиялык, экономикалык, математикалык, техникалык билимдерди окутуунун натыйжасында мамлекеттик жана расмий тилдерде иш кагаздарды колдонуу менен иштей алган, англис тилиндеги маалыматтарды колдоно алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон интеллектуалдуу, маданияттуу жана ата мекенди сүйгөн патриот инсандытарбиялоо.

**М-2.** Бүтүрүүчүнүн кесипкөй иш жүргүзүүсүн калыптандыруучу атайын тереңдетилген теориялык жана практикалык кесиптик билим берүү менен өзү тандаган кесипте ийгиликтүү иштей ала турган универсалдык жана кесиптик компетенцияларга ээ болууга, билимдерин практикада колдоно билүүгө жана ар дайым өзүн өстүрүүгө үйрөтүү.

**М-3.** Өз алдынча жана командада иштей ала турган, кесипкөй, өз ишинин нормаларын так билген, коомдук баалуулуктарды, мекемелердин ресурстарын коргой жана баалай билген, математикалык, техникалык, экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөөгө жана аларды эффективдүү баалоого катыша алган ишенимдүү, жоопкерчиликтүү, сабаттуу, иш билги адисти даярдоо.

### 1.3.2. ЖКББ НББПнын кесиптик милдеттери

**710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** багыты боюнча бакалаврларды даярдоонун кесиптик ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүнө жараша кесиптик милдеттери **(КМ).**

**КМ-1. Долбоорлоо жана өндүрүштүк-технологиялык ишмердүүлүгү.** Моделдөөнүн математикалык усулдарын, маалыматтык жана машыктыруучу моделдердин аткарылуучу тема боюнча илимий-изилдөө колдонмо маселелерин же тажрыйба-конструктордук иштерин изилдөө; автоматташтырылган системаларды жана маалыматтарды кайра иштетүү каражаттарын, компьютердик түйүндөрдүн коопсуздугун башкаруу усулдарын изилдөө; өтө чоң интегралдык схемаларды проектирлөөнүн элементтерин, жаңы муундун компьютерлери үчүн оптикалык, кванттык элементтерди иштеп чыгуу жана моделдөөнү математикалык камсыз кылууну үйрөнүү; программалоо тилдерин, алгоритмдерди, библиотекаларды жана программалардын пакеттерин, системдик жана колдонмо программалык камсыз кылуунуүйрөнүү;

**КМ-2. Илимий жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгү.** Кесиптик ишмердүүлүктүн профилине ылайык илимий адабияттарды жана илимий-изилдөө долбоорлорун, жаңы илимий жыйынтыктарды үйрөнүү; физика, химия, биология, экономика, медицина, экология бөлүмдөрүндө колдонмо маселелерди чечүү үчүн программалардын пакеттерин жана жогорку технологияларды колдонуу; маалымат системаларын математикалык прогноздоо жана системдик анализ усулдары менен үйрөнүү; илимий семинарларга, илимий-тематикалык конференцияларга, симпозиумдарга катышуу; илимий жана илимий-техникалык макалаларды даярдоо;

**КМ-3. Уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүгү.** Маалымат системаларын колдонууга жана түзүүгө байланышкан өндүрүштүк ишмердүүлүктүн сапатын башкаруу процесстерин иштеп чыгуу, киргизүү; кесиптик этиканын кодекстерин сактоо; өндүрүштүк процесстерди ишке ашыруу үчүн керек болгон каражаттарды жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн пландаштыруу; маалымат системаларын колдонууга, түзүүгө байланышкан өндүрүштүк ишмердүүлүк процессинин сапатын баалоо жана мониторинг механизмдерин, усулдарын иштеп чыгуу;

**КМ-4. Социо-маданий ишмердүүлүгү.** Коом алдында бизнестин социалдык жоопкерчилигин көтөрүү үчүн корпоративдик саясатты жана иш-чараларды иштеп чыгууга катышуу; социалдык маанилүү долбоорлорду, калктын электрондук сабаттуулугун көтөрүүнү, маалымат кызматтарынын жалпы жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууну, балдардын компьютердик чыгармачылыгын өнүктүрүүнү колдоого багытталган чечимдерди ишке ашыруу жана иштеп чыгуу;

**КМ-5. Педагогикалык ишмердүүлүгү.** Окуу дисциплиналарын окутуу усулдарына жана электрондук окутуунун усулдарына ээ болуу.

### 1.3.3. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү

Күндүзгү окуу таризиндеги кесиптик орто билим менен **710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»**багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылдан кем эмес мөөнөттө болот.

Сырттан окуу таризиндеги дистанттык технологияларды колдонуу аркылуу кесиптик орто билим менен, ошондой эле ар түрдүү таризедеги жана дистанттык технологияларды колдонуу менен окутууда **710300 «Колдонмо информатика(чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү күндүзгү окуу таризиндеги мөөнөткө салыштырмалуу 1 жылга узартылат.

Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

### 1.3.4. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгексыйымдуулугу

Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу **240** дан кем эмес кредитке (чегерим бирдикке) барабар. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу **30** кредитке (чегерим бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит (чегерим бирдик) студенттин окуу ишинин **30** саатына барабар (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Сырттан окуу таризиндеги дистанттык технологияларды колдонуу аркылуу кесиптик орто билим менен, ошондой эле ар түрдүү таризедеги жана дистанттык технологияларды колдонуу менен окутууда ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн бир окуу жылына эмгек сыйымдуулугу **48** кредитке (чегерим бирдикке) барабар.

### 1.3.5. ЖКББ НББП жана аны пайдалануучулар

МББС ЖКББ боюнча бакалаврларды даярдоо багытында НББПны ишке ашыруудагы милдеттүү нормалардын, эрежелердин, талаптардын жыйындысы жана уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык ЖОЖдор жана орто кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин уюштуруучулук-укуктук таризерине карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелинет.

**710300 «Колдонмо информатика (чоң көлөмдөгү маалыматтардын аналитикасы)»** даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСны негизги пайдалануучулар болуп:

- ЖОЖдордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн ЖОЖдорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуучулар, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жооптууадамдар;

- ЖОЖдо даярдоонун ошол багытындагы НББПсын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;

- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүнбирикмелери;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окутуу-усулдук бирикмелер жанакеңештер;

- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу мамлекеттик аткаруу бийлигининмүчөлөрү;

- жогорку кесиптик билим берүү системинде мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мүчөлөрү эсептелет.

### 1.3.6. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар

Жогорку кесиптик билим берүүнүн «бакалавр» академиялык даражасын алуу үчүн жогорку кесиптик билим алууга талапкер-абитуриенттин:

- жалпы республикалык тестирлөөдөн алган балы коюлган чекке жетүүсү(негизги -110 бал, предметтик – 60бал);
- мамлекеттик үлгүдөгү орто же орто кесиптик (жогорку) билими тууралуу документтинболушу;
- психологиялык абалынын, ден-соолугунун билим алууга мүмкүндүк берүүсү;
- адистикти өз каалоосу менен тандоосу, тандаган адистиги жөнүндө түшүнүгү, максаттуу аракети болуусушарт.